КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 11/2016

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрага: Сыдыков А.К.
Коллегия мүчөлөрү: Темиров К.А.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Куанбек кызы Н.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу –** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Горький көчөсү, 48/1-6.
2017-жылдын 27-мартында - басууга кол коюлган.
2017-жылдын 31-мартында - басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2017-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**

| | |
|---|---|
| Председатель: | Сыдыков А.К. |
| Члены коллегии: | Темиров К.А. |
| | Жаныбекова Ч.А. |
| | Садыкова Н.О. |
| Ответственный секретарь: | Куанбек кызы Н. |


**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул. Горького, 48/1-6
Подписано в печать 27 марта 2017 года.
Отпечатано 31 марта 2017 года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2017 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама)***

Кеңири коомчулукка акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжаларына тиешелүү мезгил-мезгили менен маалымат берип туруу бул басылманын максаты болуп саналат. Басылмада тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өлкө ичиндеги макроэкономикалык жагдайгаталдап-иликтөөлөр, инфляцияга таасир эткен факторлор жана анын динамикасы тууралуу маалыматтар, инфляциялык болжолдоолор, Кыргыз Республикасынын экономикасынын реалдуу жана тышкы секторлорунда түптөлгөн жагдай, ошондой эле соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр менен иш алып баруунун өнүгүү багыттары камтылат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

# Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Отчет о денежно-кредитной политике (Обзор инфляции в Кыргызской Республике)***

Целью издания является регулярное информирование общественности об основных направлениях деятельности в области денежно-кредитной политики. Издание содержит анализ развития внешней среды и макроэкономической ситуации в стране, информацию о динамике и факторах инфляции, прогнозы инфляции, развития реального и внешнего секторов экономики Кыргызской Республики, а также стран-основных торговых партнеров.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

# МАЗМУНУ:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/6 «Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 7-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/10 «Төлөм системасы операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтому (2016-жылдын 8-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........22

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 14-декабрындагы № 48/11 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 19-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........44

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/6 «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76\8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 27-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........50

5. Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/7 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 27-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........52

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/8 «Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» токтому (2016-жылдын 27-декабрында Улуттук банктын сайтында расмий жарыяланган)........57

# СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении «Положения «О минимальных требованиях по управлению кредитным риском в кредитных союзах, осуществляющих операции в соответствии с исламскими принципами банковского дела и финансирования» от 23 декабря 2013 года № 52/7» от 30 ноября 2016 года № 47/6 (опубликовано на сайте Национального банка 7 декабря 2016 года) ................................ 64

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции «О проведении инспекторских проверок операторов платежных систем и платежных организаций» от 30 ноября 2016 года № 47/10 (опубликовано на сайте Национального банка 8 декабря 2016 года) .................................................................................................. 77

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 14 декабря 2016 года № 48/11 (опубликовано на сайте Национального банка 19 декабря 2016 года) ..................................................................................... 98

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О банковских платежных картах в Кыргызской Республике» от 9 декабря 2015 года № 76/8» от 21 декабря 2016 года № 49/6 (опубликовано на сайте Национального банка 27 декабря 2016 года)........................................................... 104

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 21 декабря 2016 года № 49/7 (опубликовано на сайте Национального банка 27 декабря 2016 года) .................................................................................. 106

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 21 декабря 2016 года № 49/8 (опубликовано на сайте Национального банка 27 декабря 2016 года) .................................................................................. 111

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/6**

# Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине, «Кредиттик союздар жөнүндө» мыйзамдын 30-беренесине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна сунушталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде

чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен кредиттик союздарды, ААК «Кредиттик союздардын финансылык компаниясын» жана ЮЖБ «Кредиттик союздардын жана кооперативдердин улуттук ассоциациясын» тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/6
токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 1-пунктундагы «Кредиттик союздар жөнүндө» деген сөздөр «Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө» деген сөздөр менен толуктолсун;

− 12-пункттагы «күндөлүк» деген сөз алынып салынсын;

− 18-пункттагы:

2-пунктчанын бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- күрөөгө жана документтерге карата талаптар (күрөөнүн түрү, күрөө менен активдин ордун жабуу коэффициенти, рыноктук наркына баа берүү жана анын жайгашкан жери, күрөөнү тескөө укугу, күрөөгө баа берүү ыкмалары);»;

3-пунктча төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толуктолсун:

«- каржылоонун максаттуу пайдаланылышына талдап-иликтөөлөрдү жана мониторинг жүргүзүү;»;

4-пункттчадагы «проблемалуу» активдерге байланыштуу кырдаалдарды аныктоо, талдап-иликтөө жана чечүү» деген сөздөр «каржылоо боюнча мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген жана орду жабылбаган карызды аныктоо, аларга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана кайтаруу иштери» дегенге алмаштырылсын;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 18-1-пункт менен толукталсын:

«Кредиттик союз, каржылоо бүтүмдөрүн аткаруудан тобокелдикке баа берүү ишин уюштуруу максатында, бир же бир нече кредиттик бюро менен кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө келишим түзүүгө, ошондой эле кеминде бир кредиттик бюрого кредиттик союзда болгон кредиттик маалыматты сунуштоого милдеттүү.

Кредиттик маалымат айкын маалыматтарга негизденген, анык жана жаңыртылган маалымат болууга тийиш.

Кредиттик союздун каржылоо ишин тескөө боюнча ички документтерде төмөнкүдөй кредиттик маалымат алмашуу ишин уюштуруу тартиби жана талаптар камтылууга тийиш:

− кредиттик маалыматты санкциясыз пайдалануудан, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, колдонуудан же ачыкка чыгаруудан коргоо жана сактоо;

− кредиттик союз жана кызматкерлер тарабынан кредиттик маалымат алмашуу процессинде, ошондой эле эмгек келишиминин (контракттын) мөөнөтү бүткөндөн кийин аларга маалым болгон маалыматтын ачыкка чыгарылышына тыюу салуу.

Мындан тышкары, каржылоо ишин тескөө боюнча ички документтерде кредиттик бюро менен кредиттик маалымат алмашуу келишимин түзүүдө негизги шарттар жана милдеттенмелер чагылдырылат, анын ичинде:

− кредиттик бюрого кредиттик маалыматтын өзгөртүлгөндүгү жана жаңыртылгандыгы жөнүндө өз убагында билдирүү;

− кредиттик маалымат субъектинин талабы боюнча кредиттик бюрого берилген кредиттик маалыматка өзгөртүүлөрдү киргизүү;

− кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө келишимге ылайык кредиттик бюрого маалыматтарды өткөрүү системасынын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылуу.

Кредиттик союз кредиттик бюрого берилген, анын ичинде бардык кардарлар жөнүндө кредиттик маалыматтын бурмаланышы, ошондой эле маалыматтын толук берилбеши үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жана Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.»;

− 20-пункттун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган активдерди берүүгө тиешелүү бардык маселелер Каржылоо комитети тарабынан чечилүүгө тийиш.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 20-1-пункт менен толукталсын:

«20-1. Кредиттик союз өз кызматкерлеринин жооптуу кредиттөө жагында билим деңгээлин жогорулатууга милдеттүү.»;

− 24-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Кредиттик союздун ички саясаттарында билдирмелерди кароо мөөнөтү белгиленүүгө тийиш.»;

− 25-пункттун 2-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2) кардардын мүнөзү. Каржылоо боюнча кызматкер кардар каржылоону алууга жоопкерчилик менен мамиле жасай тургандыгын, кредиттик союздун суроолоруна толук жооп берип, карызын төлөө үчүн болгон күч-аракетин жумшай тургандыгын аныктоого тийиш. Талдап-иликтөөнү жүргүзүүдө кардар буга чейин башка финансы-кредит мекемесинен өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган активдерден пайдаланганбы же жокпу, кандай кайтарылып берилгендигине, кредиттик тартипти так сактагандыгына, өз милдеттенмелерин аткарууга даяр экендигине көңүл буруу зарыл. Ошондой эле, анын адамгерчилик аброюна, кесиптик деңгээлине да көңүл буруп, кардардын ушул тармакта канча жылдан бери иштегендигин жана иш тажрыйбасын, жетишкен ийгиликтерин да кароо маанилүү. Мындан тышкары, кардардын макулдугу менен кредиттик союз бир же бир нече кредиттик бюролордон ал жөнүндө маалыматты алууга тийиш.

Кредиттик союз кредиттик бюродон алган кредиттик отчеттун купуялуулугун жана сакталышын камсыз кылууга жана анда камтылган кредиттик маалыматты үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого, ошондой эле кредиттик отчетту мыйзамдарда белгиленген максаттарда гана пайдаланууга тийиш.

Кредиттик союз кредиттик отчетто камтылган маалыматтардын бурмаланышы үчүн жоопкерчилик тартат;»;

− 27-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«27. Эгерде кардарга кредиттик тобокелдикти камтыган активди берүү маселеси оң чечилсе, алынган документтерден кардарды каржылоо досьеси түзүлөт.

Каржылоо берүүдөн баш тартылган учурда, кредиттик союз баш тартуу себептерин түшүндүрүү менен кабыл алынган чечим жөнүндө кардарга кат жүзүндө маалымдоого тийиш.»;

− 27-1-пункттун экинчи сүйлөмүндөгү «кредиттик келишим валютасынан айырмаланган» деген сөз «каржылоо келишиминин валютасынан айырмаланган» дегенге алмаштырылсын;

− 28-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 5-главанын 2-параграфы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§2. Каржылоо келишимине карата талаптар жана аны түзүү тартиби.

29. Кредиттик союз менен кардар ортосунда түзүлгөн каржылоо келишими, анын бардык тиркемелери жана башка келишимдер/макулдашуулар мамлекеттик же расмий тилде (кардарга тил тандоо укугун сунуштоо менен) түзүлөт. Каржылоо келишиминин түп нускасынын саны тараптар түзгөн келишимдин санынан кем болбоого тийиш. Кредиттик союз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, каржылоо келишиминин түп нускаларынын сакталышын камсыз кылууга тийиш.

Каржылоо келишиминин тексти кардардын кабыл алуусу жана түшүнүүсү үчүн жеткиликтүү болушу зарыл. Каржылоо келишиминин шарттарынан улам келип чыккан кардардын укуктары жана милдеттери келишимдин өзүнчө бөлүгүндө чагылдырылууга тийиш. Каржылоо келишиминин бүтүндөй текстинин жана ага карата бардык тиркемелердин шрифти бирдей болууга жана анын өлчөмү 12 кем болбоого тийиш.

30. Кийин аны кайтарууда мүмкүн болуучу проблемаларга жол бербөө максатында, каржылоо келишимин түзүүдө актив берилип жаткан жана төлөнө турган бардык шарттарды тактоо зарыл.

31. Эгерде бул кардардын укугуна кесепетин тийгизе турган болсо жана милдетин көбөйтө турган болсо, кредиттик союз кардардын кат жүзүндө макулдугун алуусуз келишимдин баштапкы шарттарын бир тараптуу тартипте алмаштырууга укугу жок.

32. Каржылоонун ордун жабуу графиги каржылоо келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат, төлөө мөөнөтү кардардын финансылык мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен түзүлөт жана ага эки тарап тең кол коет.

33. Каржылоо келишиминде кеминде төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

− тараптардын аталышы;

− келишим предмети;

− каржылоо келишимин колдонуу мөөнөтү;

− каржылоону сунуштоо боюнча негизги шарттар, анын ичинде суммасы, ордун жабуу тартиби жана мөөнөттөрү, камсыздоо түрү, каржылоо боюнча үстөк баа/киреше көрсөтүлөт;

− кардардын укуктары жана милдеттери, анын ичинде каржылоо келишими боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган шартта;

− кредиттик союздун укуктары жана милдеттери;

− кредиттик бюрого кардар жөнүндө маалыматты сунуштоо шарттары (эгерде ошол кредиттик союз анын катышуучусу болуп саналса);

− активди кайтарууга чейинки кеминде отуз күн мурда ал тууралуу кредиттик союзга маалымдалган шартта, кардардын активдин ордун кандай болбосун айыптык санкцияларсыз, кайсыл болбосун учурда мөөнөтүнөн мурда жабуу укугу;

− форс-мажордук жагдайлар орун алган шартта кредиттик союз менен кардар ортосунда өз ара иш алып баруу шарттары. Форс-мажордук жагдайларда төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн, бирок булар менен гана чектелбейт, алсак: жаратылыш кырсыктары (суу ташкыны, жер титирөө, өрттүн чыгышы жана башка жаратылыш же болбосо техногендик кырсыктар), жапырт тараган илдет (эпидемия), өзгөчө кырдаалды киргизүү, массалык баш аламандык, талап-тоноочулук, согуш аракеттери ж.б.

34. Кредиттик союз кардарды чыгашалар (төлөмдөр) тизмеги менен тааныштырууга тийиш, ал ушул жобонун 2-тиркемесине ылайык таблица түрүндө түзүлүп, каржылоо келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ага эки тараптын кол тамгасы коюлат.

Зарылчылыкка жараша кредиттик союз кардарга каржылоо боюнча төлөмдөрдү, туумдарды, айыптарды ж.б. эсептөө тартиби боюнча түшүндүрмө берүүгө тийиш.

Кредиттик союз каржылоо келишиминин шарттарына бекитилген тарифтерден башка кошумча жыйымдарды, каржылоо келишимин түзүүдө жана анын талаптарын аткарууда кармалып калуучу/төлөнүүчү комиссиялык жана башка төлөмдөрдү, ошондой эле кардар менен макулдашылгандыгына карабастан, акы төлөө негизинде башка кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүүгө укугу жок.

34-1. Кардар менен каржылоо келишими түзүлгөндөн кийин жана ал акча каражаттарын алгандан кийин кардарга кеминде төмөнкү документтер берилүүгө тийиш:

− төлөө графиги менен тараптардын кол тамгасы коюлган каржылоо келишими;

− кредиттик союздун кардарынын чыгашаларынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкциялардын тизмеси.

34-2. Кардардын кредиттик таржымалы (таржымалга карата минималдуу талаптар ушул жобонун 1-тиркемесинде келтирилген) кардардан билдирме алынган учурдан тартып түзүлөт жана ага каржылоо боюнча бардык тиешелүү документтер көктөлөт.

34-3. Активдерге мониторинг жүргүзүү учурунда кредиттик союз телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн кыскача мазмунун жана кардар менен жолугушууларды каттоо журналын кошо алганда, алар боюнча жүргүзүлгөн бардык иш-чаралардын эсебин жүргүзүүгө жана документ түзүүгө тийиш. Өзгөчө мындай эсепти, проблемалуу активдер менен иш алып барууда жүргүзүү өтө маанилүү.»;

− 40-пункттун:

алтынчы абзацындагы «милдеттенмени» деген сөз «милдеттенменин өлчөмү жана» деген сөздөргө алмаштырылсын;

тогузунчу абзацындагы «каралган» деген сөз «ылайык тараптардын күрөөгө карата милдеттери жана» дегенге алмаштырылсын;

− 50-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 53-пункттун 3-пунктчасы төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Каржылоо боюнча кызматтарды сунуштоодо кредиттик союз каржылоо келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналган күрөө жөнүндө келишимге ылайык, кардарга жана күрөө коюучуга (эгерде ал болгон болсо) күрөөлүк мүлктү сатып алууга артыкчылыктуу укук берүүгө тийиш, ага ылайык кардар жана/же күрөө коюучу ачык тоорук башталганга чейин кайсыл болбосун убакытта күрөөлүк мүлктү сатып алышы мүмкүн.»;

− Тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:

«Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө" жобого карата

**1-тиркеме**

## Кардарды каржылоо боюнча таржымалга карата
## МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

### I. Кардар жөнүндө жалпы маалымат

1. Кредиттик союз тарабынан белгиленген форма боюнча каржылоо алууга билдирме, кредиттик союзга билдирме сунушталга чейинки акыркы алты ай ичинде ошол кредиттик союздан жана башка финансы-кредит мекемелеринен алынган/төлөнгөн/орду жабылбаган милдеттенмелерге тиешелүү маалымат менен бирге кошо берилет.

2. Кредиттик бюродон кардарга карата кредиттик отчет.

2-1. Кардардын өзү жөнүндө кредиттик отчетту берүүгө макулдугу (каржылоону алуу билдирмесинде көрсөтүлүшү мүмкүн).

3. Кредиттик союздун кардарын идентификациялоого мүмкүндүк берген инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү.

4. Кардардын кирешеси жөнүндө маалымат.

5. Күрөөгө коюла турган мүлктүн описи (эгерде болгон болсо).

6. Кардардын жолдошунун/жубайынын каржылоону алууга макулдугу (бир кардарга 50 000 сомдон жогору каржылоо сунушталса жана колдонууда милдеттенмелер болуп, каржылоо сунушталып жатса).

7. Юридикалык жакты түзүүсүз жеке ишкердикти жүзөгө ашырган кардар (жеке адам) жогоруда көрсөтүлгөн документтерден тышкары төмөнкүлөрдү сунуштоого тийиш:

− юридикалык жакты түзүүсүзжеке ишкердикти жүзөгө ашырган жеке адам катары мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (эгерде болгон болсо);

− патенттин көчүрмөсү (эгерде болгон болсо).

7-1. Кол тамга коюу укугуна ээ адамдардын кол тамгаларынын үлгүлөрү менен нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточкалар (эгерде кардар – юридикалык жак болсо).

8. Кардардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн тастыктаган, акча каражаттарын алуу булактарына баа берүү.

9. Мамлекеттик же расмий тилде түзүлгөн каржылоо келишими, ага карата тиркемелер, ошондой эле реструктуризациялоодо же пролонгациялоодо, талап кылуу укугун өткөрүп берүүдө кардар менен кошумча түзүлгөн макулдашуулар.

10. Кредиттик союздун тиешелүү органынын өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган активди сунуштоо, ошондой эле аны пролонгациялоо же реструктуризациялоо (эгерде болгон болсо) жөнүндө чечими.

11. Кардар менен кат алышуулар (бардык кат-кабарларды тиркөө менен).

12. Юридикалык документ (кардардын иши боюнча документтеринин көчүрмөлөрү, мисалы: накладнойлор, эсеп-фактуралар, өнөктөштөр менен келишимдер ж.б.).

13. Активдин максаттуу пайдалангандыгын текшерүү жөнүндө отчет.

14. Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талаптарына ылайык типтүү формада түзүлгөн кардардын анкетасы.

## II. Күрөөлүк документтер

15. Мамлекеттик жана расмий тилде Күрөө жөнүндө келишим.

16. Күрөөлүк мүлк боюнча сертификаттар, күбөлүктөр жана башка квалификациялык документтер (эгерде болгон болсо).

17. Күрөөгө коюлган мүлккө менчик укугун тастыктаган документтер.

18. (күчүн жоготкон катары таанылсын).

19. Күрөөнү иликтөө актысы, анда төмөнкүлөр чагылдырылууга тийиш:

- күрөөнү иликтөө күнү;
- күрөөнүн түрү;
- күрөөнү баалоо күнү;
- баа берүү ыкмасы;
- күрөөнүн жайгашкан орду;
- күрөөнүн абалы жана аны күтүү шарттары;
- күрөөнүн бааланган наркы;
- күрөөнү мезгил-мезгили менен иликтөө графиги.

20. Күрөө келишиминин катталгандыгын тастыктаган документтер (эгерде күрөө катталууга тийиш болсо же кредиттик союз аны каттоодон өткөртүүнү талап кылса).

21. Кардардын тиешелүү органынын күрөөгө сунуштоо чечими (эгерде кардар - юридикалык жак болсо).

## III. Гарантиялар же кепилдиктер

22. Кат жүзүндө гарантия/кепилдик же тиешелүү каржылоо келишимин, гарантия/кепилдик берилген сумманы, гарантия/кепилдик бүткөн күндү көрсөтүү менен кепилдик.

23. Гаранттын тиешелүү органынын гарантия берүү чечими (эгер гарант – юридикалык жак болсо).

24. Гаранттын уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү (эгер гарант – юридикалык жак болсо).

25. Кепилдик берүүчүнүн кирешеси тууралуу маалымат.»;

- Жобо төмөнкү мазмундагы 2-тиркеме менен толукталсын:

«Ислам банк иши жана
каржылоо принциптерине
ылайык операцияларды жүзөгө
ашырган кредиттик союздарда
кредиттик тобокелдикти тескөө
боюнча минималдуу талаптар
жөнүндө» жобого карата

**2-тиркеме**

## Кредиттик союздун кардарларынын чыгашаларынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкциялардын

## ТИЗМЕГИ

<table>
<tr><th colspan="2">Кредиттик союздун кардарынын актив боюнча чыгашалары (төлөмдөрү)</th></tr>
<tr><td>Кредиттик тобокелдикти камтыган активдин суммасы</td><td rowspan="2">Каржылоо боюнча келишимде көрсөтүлөт</td></tr>
<tr><td>Кредиттик тобокелдикти камтыган актив боюнча үстөк баа/киреше</td></tr>
<tr><td>Билдирмени кароо үчүн комиссия (кредиттик тобокелдикти камтыган активди тариздөө)</td><td rowspan="4">Комиссия болгон шартта, алардын өлчөмү пайыздык же нарктык мааниде бекитилген тарифтерге ылайык көрсөтүлөт.</td></tr>
<tr><td>Активди берүү жана администрлөө үчүн комиссия</td></tr>
<tr><td>Ссудалык жана/же күндөлүк эсептерди ачуу (эгерде эсепти ачуу каржылоо келишимин түзүү менен шартталган болсо) жана тейлөө (эгерде кредиттик тобокелдикти камтыган актив боюнча операциялар нак эмес формада ишке ашырылган болсо) үчүн комиссия.</td></tr>
<tr><td>Эсептешүү-кассалык тейлөө үчүн комиссия (анын ичинде кардардын банкомат аркылуу нак акчаларды салуусу жана алуусу)</td></tr>
<tr><td>Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр (камсыздандыруу, нотариустун кызматы үчүн төлөм ж.б.)</td><td>Мындай чыгашалар келечекте өзгөрүшү мүмкүндүгүн көрсөтүү менен алардын болжолдуу наркы (диапазону) көрсөтүлөт</td></tr>
<tr><td>Кардардын эсебинен көчүрмөлөрдү берүү үчүн төлөм</td><td rowspan="2">Кредиттик союздун бекитилген тарифтерине ылайык көрсөтүлөт</td></tr>
<tr><td>Башка чыгашалар</td></tr>
<tr><th colspan="2">Кредиттик союздун айыптык санкциялары жана туумдары</th></tr>
</table>

| **Кредиттик союздун кардарынын актив боюнча чыгашалары (төлөмдөрү)** | |
|---|---|
| Кредиттик тобокелдикти камтыган активдин негизги суммасын жана кредиттик союздун үстөк акысы/кирешеси боюнча төлөмдөрдүн кечиктирилгендиги үчүн | Каржылоо келишиминин негизинде кредиттик союздан алынуучу бекитилген айыптык санкциялар өлчөмүнө ылайык, пайыздык же нарктык мааниде көрсөтүлөт |
| Активди алгандан кийин каржылоо келишимин жокко чыгаруу шарттары | Каржылоо келишиминин негизинде көрсөтүлөт |
| Башка чыгашалар | |

| _______________ | __________ | ______ | _______________ | __________ | ______ |
|---|---|---|---|---|---|
| (ыйгарым укуктуу адистин аты-жөнү) | (кол тамгасы) | (күнү) | (кредиттик союздун кардарынын аты-жөнү) | (кол тамгасы) | (күнү)». |

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/10**

## «Төлөм системасы операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кароого сунушталган «Төлөм системасы операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордун текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-мартындагы № 19/11 «Төлөм системасы операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»» токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү ушул токтом менен түзүмдүк бөлүмдөрдү, областтык

башкармалыктарды жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү тааныштырсын.

6. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен республиканын коммерциялык банктарын, төлөм системасынын операторлорун жана төлөм уюмдарын тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 30-ноябрындагы № 47/10**
**токтомуна карата тиркеме**

# Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө

# НУСКОО

## 1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. «Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоо (мындан ары - Нускоо) Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө», «Административдик ишкердик жана административдик жол-жоболор жөнүндө» жана «Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Нускоодо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) төмөнкү ишкердикти жүзөгө ашырууга укук чегерген лицензиясына ээ төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын (мындан ары – көзөмөлгө алынган уюмдар) ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруу максаты, түрлөрү жана тартиби белгиленген:

− маалымат технологияларына, электрондук каражаттарга жана төлөмдөрдү жүргүзүү ыкмаларына негизденген төлөм системалары аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына өз иш натыйжасы болуп саналбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо;

− үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу,

иштеп чыгуу жана аларды төлөм системасынын катышуучуларына, ошол процессинг жана клиринг борборуна берүү боюнча кызматтарды сунуштоо.

3. Инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү, ошондой эле көзөмөлгө алынган уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берген шартта аларга карата таасир этүү чараларын колдонуу, Улуттук банктын көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан ошол талаптарды сактоосуна көзөмөлдүктү жүргүзүү ишинин бир бөлүгүн түзөт.

4. Көзөмөлгө алынган уюмдардын Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын аткаруусуна көзөмөлдүк Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын коопсуздугун, натыйжалуулугун жана иш үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн уюштурулат жана жүзөгө ашырылат.

5. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайтты) жүргүзүүдө өз милдеттерин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн инспектордук текшерүүнүн жүрүшүндө көзөмөлгө алынган уюмдардын, анын ичинде агенттердин ишине тиешелүү кандай болбосун маалыматты, ошондой эле отчетторду талап кылууга, алууга жана алынган маалымат боюнча түшүндүрмөлөрдү талап кылууга укуктуу. Талап кылынган маалымат Улуттук банктын талабында көрсөтүлгөн тиешелүү мөөнөткө ылайык сунушталууга тийиш.

6. Улуттук банктын көзөмөлгө алынган уюмдар менен өз ара иш алып баруусу жана маалымат алмашуусу текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча отчетторду кароодо расмий сүйлөшүүлөр жана жолугушуулар түрүндө жана башка кат жүзүндө документтерди сунуштоо аркылуу ишке ашырылат.

## 2-ГЛАВА. ИНСПЕКТОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ МАКСАТТАРЫ

7. Көзөмөлгө алынган уюмдардын ишине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн негизги максаттарынан болуп төмөнкүлөр саналат:

- көзөмөлгө алынган уюмдун жалпы финансылык абалына жана башкаруу процессинин сапатына баа берүү;

− көзөмөлгө алынган уюмдарда төлөм системасынын үзгүлтүксүз жана натыйжалуу ишине коркунуч жаратышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди аныктоо;

− көзөмөлгө алынган уюмдардын Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн жана алардын сакталышын аныктоо;

− көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан Улуттук банкка сунушталган финансылык жана башка отчеттордун тактыгына жана аныктыгына баа берүү;

− аныкталган бузууга жол берүүлөрдү жана кемчиликтерди четтетүү, көзөмөлгө алынган уюмдардын абалын жакшыртуу жана тобокелдиктерди төмөндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, ал эми зарыл учурларда – эскертүү чараларын иштеп чыгуу;

− көзөмөлгө алынган уюмдун мурдагы текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрүн аткаруусуна баа берүү.

## 3-ГЛАВА. ИНСПЕКТОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН ТҮРЛӨРҮ

8. Инспектордук текшерүүлөр алдыга коюлган маселеге жараша комплекстүү жана максаттуу болушу мүмкүн.

9. Комплекстүү текшерүүнүн жүрүшүндө көзөмөлгө алынган уюмдун жалпы финансылык абалы, менеджментинин сапаты, ошондой эле көзөмөлгө алынган уюмдун туруктуулугуна коркунуч жараткан мүмкүн болуучу тобокелдиктер, кемчиликтер жана чабал жерлер аныкталат.

10. Максаттуу текшерүүдө көзөмөлгө алынган уюмдун бир же бир нече ишкердик түрү текшерүүгө алынат (мисалы, процессинг, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу, электрондук акча ж.б.у.с.).

11. Билдирүү тартибине жараша текшерүүлөр план чегинде (төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына алдын ала маалымдоо менен) жана күтүүсүз (текшерүү жөнүндө алдын ала билдирүүсүз) жүргүзүлүшү мүмкүн.

12. Максаттуу текшерүүлөр күтүүсүз жүргүзүлүшү ыктымал. Күтүүсүз текшерүүнү жүргүзүүдө текшерүүгө жолдомо текшерүү тобу көзөмөлгө алынган уюмга келген учурда сунушталат.

13. Инспектордук текшерүүнү жүргүзүү жолдомосуна төмөнкүлөр кол коюуга укуктуу:

− Улуттук банктын Төрагасы же аны алмаштырган адам;

− Улуттук банктын Төрагасынын төлөм системаларын жөнгө салуу, көзөмөлдөө жана контролдоо милдетин аткарган түзүмдүк бөлүмдүн ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басары/Башкарманын мүчөсү же аны алмаштырган адам;

− көзөмөлгө алынган уюм жайгашкан жер боюнча Улуттук банктын областтык башкармалыгынын/Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн жетекчиси же аны алмаштырган адам.

14. Күтүүсүз максаттуу инспектордук текшерүүлөр төмөнкү жагдайлар орун алган учурда Улуттук банктын Төрагасынын чечиминин же Төраганын төлөм системаларын жөнгө салуу, көзөмөлдөө жана контролдоо милдетин аткарган түзүмдүк бөлүмдүн ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басарынын/Башкарма мүчөсүнүн же болбосо алардын милдетин аткарган башка кызмат адамынын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

− төлөм системасынын үзгүлтүксүз иши бузууга жол берилсе;

− көзөмөлгө алынган уюмдар алдамчылыкка жол берсе, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу жана башка мыйзамсыз ишкердикти жүргүзүү фактылары орун алса же болбосо жарандардын, уюмдардын кайрылуусу боюнча;

− сунушталган отчеттун негизинде, көзөмөлгө алынган уюмдун финансылык абалынын начарлашына алып келиши мүмкүн болгон терс тенденциялар табылса;

− көзөмөлгө алынган уюмдун ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген жагдайлар орун алса;

− Улуттук банктын талаптары жана/же чечимдери аткарылбаса;

− көзөмөлгө алынган уюм аларды аткаруусун текшерүү максатында Улуттук банк тарабынан жазма буйрук жөнөтүлсө.

## 4-ГЛАВА. ИНСПЕКТОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

15. Улуттук банк көзөмөлгө алынган уюмдардын ишине план чегинде инспектордук текшерүүлөрдү Төраганын орун басары/ Улуттук банк Башкармасынын төлөм системаларын жөнгө салуу, көзөмөлдөө жана контролдоо милдетин жүзөгө ашырган түзүмдүк бөлүмдүн ишин түздөн-түз тескөөгө алган мүчөсү тарабынан бекитилген инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү планына ылайык эки жылда бир гана жолу жүргүзөт.

16. План чегинде инспектордук текшерүүнү жүргүзүү үчүн кеминде эки адамдан турган текшерүү тобу түзүлөт, ага Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана/же областтык башкармалыгынын/ өкүлчүлүгүнүн өкүлдөрү кириши мүмкүн, мында текшерүү тобунун жетекчиси жана анын мүчөсү/мүчөлөрү дайындалат (мындан ары – Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү). Улуттук банктын көзөмөлгө алынган уюмга инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн укугун тастыктаган документке (мындан ары - текшерүүнү жүргүзүүгө жолдомо) ушул нускоонун 13-пунктунда белгиленген Улуттук банктын кызмат адамынын кол тамгасы коюлат жана ыйгарым укуктуу өкүлдөргө тапшырылат.

17. Инспектордук текшерүү жыйырма жумуш күнү ичинде жүргүзүлүүгө тийиш.

18. Зарыл учурларда, Улуттук банктын Төрагасынын (же анын милдетин аткарган адамдын) же болбосо Төраганын төлөм системаларын жөнгө салуу, көзөмөлдөө жана контролдоо милдетин жүзөгө ашырган түзүмдүк бөлүмдүн ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басарынын/Башкарма мүчөсүнүн (же анын милдетин аткарган адамдын) чечими боюнча инспектордук текшерүүнү жүргүзүү мөөнөтү он жумуш күнүнө чейин узартылышы мүмкүн.

19. Текшерүүнү жүргүзүүгө жолдомо Улуттук банк тарабынан ушул нускоого карата 1-тиркемеге ылайык эки нускада таризделип, ага нускоонун 13-пунктунда белгиленген Улуттук банктын кызмат адамынын кол тамгасы коюлат.

20. Текшерүүнү жүргүзүүгө жолдомодо текшерүүнү баштоо жана аяктоо күнү, текшерилүүгө тийиш болгон маселелер (комплекстүү текшерүүдөн тышкары), текшерүү мезгили, ошондой эле Улуттук

банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жеке курамы жөнүндө маалымат камтылууга тийиш.

21. Эгерде текшерүү план чегинде жүргүзүлө турган болсо, текшерүүнүн жетекчиси көзөмөлгө алынган уюмга зарыл документтердин тизмесин кошо тиркөө менен (2-тиркеме) текшерүү башталганга чейинки беш жумуш күнүнөн кечиктирбестен билдирүү катын жөнөтүүгө тийиш, ал эми жолдомо уюмга келген учурда көрсөтүлөт.

22. Инспектордук текшерүүнү баштоо күнү катары жолдомодо көрсөтүлгөн күн же текшерүү тобу көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнө инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө жолдомону тапшырган күн саналат.

23. Тапшырылган күнү жана убактысы көрсөтүлгөн, көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы менен күбөлөндүрүлгөн жолдомонун бир нускасы Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүндө калат, ал эми экинчиси – көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырылат.

24. Текшерүүгө келгенден кийин текшерүү тобунун жетекчиси төмөнкү максаттарда көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчиси (же анын милдетин аткарган адам) менен жолугушат:

− жолдомону тапшырууга, ошондой эле текшерүү чөйрөсү жана милдеттери жөнүндө билдирүүгө;

− текшерүүнү жүргүзүү процессин талкуулоого;

− анын/алардын иш чөйрөсүн белгилөө менен текшерүү тобунун мүчөсү/мүчөлөрү менен тааныштырууга;

− көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилиги жана кызматкерлери менен өз ара иш алып баруу ыкмаларын аныктоого;

− көзөмөлгө алынган уюмдун суроолоруна жооп берүүгө.

25. Алгачкы эле текшерүү күнү көзөмөлгө алынган уюм билдирүү катына тиркелген тизмеде (ушул нускоонун 21-пункту) белгиленген бардык документтерди сунуштоого жана талаптагыдай жумуш орду менен өзүнчө жай бөлүп берүүгө милдеттүү. Документтер жок болсо ал өзүнчө акт менен таризделип, ага текшерүү тобунун жетекчиси жана көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлү кол тамга

коет. Өзүнчө бөлүнүп берилген жайда аудио/видео жаздыруучу каражаттар болбоого тийиш.

26. Эгерде Улуттук банктын айрым ыйгарым укуктуу өкүлдөрү алмаштырылса/кошулса, инспектордук текшерүүнү жүргүзүү мөөнөтү узартылса же текшерүүгө кошумча маселелерди киргизүү зарылчылыгы келип чыкса, жолдомого тиешелүү кошумчалар тариздетилип, алар күчүнө киргенге чейинки бир жумуш күнү мурда көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнө тапшырылат. Текшерүүнү жүргүзүүгө жолдомого карата кошумчалар аны ишке ашыруу тапшырмасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

27. Көзөмөлгө алынган уюм документтердин түп нускасын сунуштайт. Өзгөчө учурларда гана, объективдүү себептер боюнча анын түп нускасын сунуштоо мүмкүн эмес болгон учурларда, көзөмөлгө алынган уюм анын кызмат адамынын кол тамгасы жана ошол уюмдун мөөрүнүн оттискасы менен күбөлөндүрүлгөн документтердин көчүрмөлөрүн сунуштайт.

28. Инспектордук текшерүүнү жүргүзүү учурунда көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилиги жана анын персоналы текшерүү тобуна ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө тийиш.

29. Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

− көзөмөлгө алынган уюм ишкердикти жүзөгө ашырган жайларга эркин кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга;

− көзөмөлгө алынган уюмдун документтерин жана маалыматтарын өз убагында алууга жана текшерүүгө, анын ичинде көзөмөлгө алынган уюмдун агенттеринин ишин текшерүүгө укуктуу. Бул учурда көзөмөлгө алынган уюм текшерүү тобунун агенттен маалыматтарды алуу, жайларга жана системаларга кирүү, ошондой эле маалыматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш;

− зарыл учурларда инспектордук текшерүүнүн материалдарына кошо тиркөө үчүн, көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы жана уюмдун мөөрүнүн оттискасы менен күбөлөндүрүлгөн тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

− уюмдун ишине тиешелүү маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө түшүндүрмөлөрдү алууга;

− уюмдун маалымат системаларын кароо мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга;

− уюмдун маалымат системаларынан электрондук түрдө маалымат алууга;

− көзөмөлгө алынган уюмдан жана төлөм системасынын катышуучуларынан төлөм системасынын ишине тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды талап кылууга.

30. Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү инспектордук текшерүүнү жүргүзүү учурунда төлөм системасынын иш үзгүлтүксүздүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу боюнча чараларга баа берүү үчүн көзөмөлгө алынган уюмдан документтерди жана маалыматтарды талап кылууга укуктуу.

31. Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү иштин жүрүшүндө келип чыккан маселелерди жетекчиликке алдын ала маалымдоосуз эле аткаруучулар менен түздөн-түз талкуулашы мүмкүн.

32. Көзөмөлгө алынган уюм Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө уюмдун иши жүзөгө ашырылуучу жайларга тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылбаса, талап кылынган маалыматтарды жана документтерди, анын ичинде алардын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, ошондой эле уюмдун ишине тиешелүү маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү, уюмдун маалымат системаларын кароо мүмкүнчүлүгүн жана маалымат системаларынан маалыматтарды электрондук түрдө сунуштоодон баш тарткан учурда, Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү ушул нускоонун 3-тиркемесине ылайык Улуттук банк жана көзөмөлгө алынган уюм үчүн бирден - эки нускада инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү актысын түзөт.

33. Инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү актысына Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ошондой эле көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол тамга коет. Ал эми бул актыга көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлү кол коюудан баш тарткан учурда, бул тууралуу актыга чагылдырылат жана Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн (текшерүү тобунун жетекчисинин жана анын мүчөлөрүнүн) кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

34. Инспектордук текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү актысында белгиленген фактылар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык, көзөмөлгө алынган уюмга карата таасир этүү чараларын жана башка чараларды колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

## 5-ГЛАВА. КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНГАН УЮМДУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ МЕНЕН АЛДЫН АЛА ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА ЖОЛУГУШУУ

35. Текшерүүнүн акыркы жумасында текшерүү тобунун жетекчиси көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилиги менен алдын ала жолугушуу өткөрөт, анда алдын ала текшерүү ишинин жыйынтыгы, аныкталган бузууга жол берүүлөр жөнүндө маалымдалат, ошондой эле тыянактар жана милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон талаптар талкууланат. Бул жолугушуунун алкагында көзөмөлгө алынган уюмга текшерүү тобунун мүчөлөрү тарабынан белгиленген иш чөйрөсүнө тиешелүү тигил же бул маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү же чечмелөөлөрдү берүү үчүн мүмкүндүк берилет.

36. Алдын ала жолугушуу көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилигине кооптонууну жараткан маселелер боюнча жагдайды такташтыруу, орун алган проблемалар боюнча түшүндүрмө алуу, ошондой эле текшерүү тобунун мүчөлөрүнө суроолорду берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт.

37. Алдын ала жолугушуунун жыйынтыгында кыскача протокол толтурулат, ага жолугушуу өткөрүлгөн күндөн кийинки беш жумуш күнү ичинде кол коюлууга тийиш. Көзөмөлгө алынган уюм жолугушуунун жыйынтыгында түзүлгөн протоколго кол коюудан баш тарткан учурда, көзөмөлгө алынгын уюм протоколго кол коюудан баш тартуу негиздемесин чагылдыруу менен Улуттук банкка кат жөнөтөт.

38. Текшерүү тобунун жетекчиси текшерүү иши аяктагандан кийинки он беш жумуш күнү ичинде тыянактарды жана текшерүү жыйынтыктарын талкуулоо үчүн көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилиги менен жыйынтык жолугушууну өткөрүүгө тийиш. Жолугушууда Улуттук банктын төлөм системаларын жөнгө салуу, көзөмөлдөө жана контролдоо милдетин жүзөгө ашырган түзүмдүк бөлүмүнүн начальниги, зарылчылык келип чыккан учурда - Улуттук

банктын Төрагасынын орун басары/ошол башкармалыктын ишин түздөн-түз тескөөгө алган Башкарманын мүчөсү катышууга тийиш.

39. Жыйынтыктап жолугушуунун жүрүшүндө текшерүү тобунун жетекчиси көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилигине текшерүүнүн жүрүшүндө чыгарылган тыянактарды маалымдайт, анда төмөнкүлөр камтылат:

− инспектордук текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган мыйзам талаптарын жана Улуттук банктын ченемдик актыларын бузууга жол берүүлөр;

− колдонуудагы эсепке алуу жана отчеттуулук системасына, маалымдоо жана ички контролдук системаларына баа берүү;

− тобокелдиктерди тескөөгө баа берүү.

40. Жыйынтыктап жолугушуунун жүрүшүндө текшерүү тобунун жетекчиси көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчилигине аныкталган бардык кемчиликтерди четтетүү зарылчылыгын маалымдайт, ошондой эле бул проблемаларды чечүүнүн алгылыктуу жолдору боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү берет жана аны аткаруу мөөнөттөрүн белгилейт.

41. Жыйынтыктап жолугушуудан кийинки беш жумуш күн ичинде протокол түзүлүп, анда бардык талкууланган маселелер чагылдырылат жана ага текшерүү тобунун жетекчиси, көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлү, ал жок учурда - анын милдетин аткарган адам кол тамга коет.

## 6-ГЛАВА. ИНСПЕКТОРДУК ТЕКШЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

42. Инспектордук текшерүүнүн жыйынтыктары Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан инспектордук текшерүү отчету түрүндө Улуттук банк жана көзөмөлгө алынган уюм үчүн бирден - эки нускада таризделет.

43. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчетто текшерүү жыйынтыгы жазуу жүзүндө көзөмөлгө алынган уюмдун башкармалыгынын коллегиалдуу аткаруу органы үчүн чагылдырылат.

44. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчетто бардык олуттуу тобокелдиктерди жана/же кемчиликтерди, проблемаларды жана

көрүлүүчү зарыл чараларды кошо алганда, текшерүүнүн негизги тыянактары жана корутундулары маалымдалат, ошондой эле жагдайды турукташтыруу жана/же жакшыртуу үчүн көзөмөлгө алынган уюм милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон талаптар жана милдеттенмелер чагылдырылат.

45. Бузууга жол берүү фактылары жөнүндө маалымат камтылган документтердин көчүрмөлөрүнө көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы коюлуп, уюмдун мөөрүнүн оттискасы менен күбөлөндүрүлүп, инспектордук текшерүүнүн отчетуна кошо тиркелет. Бузууга жол берүү фактылары жөнүндө маалымат камтылган документтердин көчүрмөлөрү инспектордук текшерүү отчетунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

46. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчет Улуттук банктын менчиги болуп саналат жана Улуттук банктын уруксаты болгон шартта гана отчетту үчүнчү жакка сунуштоого жол берилет. Көзөмөлгө алынган уюмдар инспектордук текшерүү жөнүндө отчеттун сакталышын камсыз кылууга жана анын кагаз же электрондук түрдө жайылтылышына жол бербөөгө тийиш.

47. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчетко Улуттук банктын текшерүүнү жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол тамга коюшат. Көзөмөлгө алынган уюм отчетко кол коюудан баш тарткан учурда, ал актка чагылдырылат жана Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн (текшерүү тобунун жетекчиси жана анын мүчөлөрү) кол тамгалары менен күбөлөндүрүлөт.

48. Отчетто чагылдырылган инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен макул эмес болгон шартта, көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлү отчетко кол коюу учурунда ага макул эместигин же сын-пикирлерин чагылдырууга укуктуу. Макул эместиги жана сын-пикирлери жазуу жүзүндө таризделип, ага көзөмөлгө алынган уюмдун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы коюлуп, уюмдун мөөрүнүн оттискасы менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Инспектордук текшерүү отчету менен макул эместиги жана/же ал боюнча сын-пикирлер, ошондой эле аларды негиздеген документтер же алардын көчүрмөлөрү ушул отчетко кошо тиркелип түзүлүүгө тийиш.

## 7-ГЛАВА. ТААСИР ЭТҮҮ ЧАРАЛАРЫ

49. Көзөмөлгө алынган уюмдун ишинде кемчиликтер табылса жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталса, текшерүү тобу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көзөмөлгө алынган уюмга карата таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө сунуш-көрсөтмөлөрдү даярдайт.

50. Көзөмөлгө алынган уюмга карата таасир этүү чараларын колдонуу чечими белгиленген тартипте Улуттук банктын ченемдик документтерине ылайык мындай чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укук чегерилген Улуттук банктын тиешелүү кызмат адамдары жана органдары тарабынан кабыл алынат.

## 8-ГЛАВА. ТЕКШЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

51. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчет көзөмөлгө алынган уюм менен жыйынтыктап жолугушуу өткөрүлгөн учурдан кийинки он жумуш күнүнөн кечиктирилбестен коштомо кат менен бирге көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчисине жөнөтүлөт. Отчеттун жеткирилип берилгендигин тастыктоо үчүн отчетту алган адамдын аты-жөнү жана берилген күнү милдеттүү түрдө көрсөтүлүүгө тийиш.

52. Коштомо катта төмөнкүлөр чагылдырылууга тийиш:

− көзөмөлгө алынган уюм отчетто камтылган сунуш-көрсөтмөлөргө ылайык, аныкталган бузууга жол берүүлөрдү жана белгиленген кемчиликтерди четтетүү боюнча зарыл чараларды көрүүсү;

− инспектордук текшерүү жөнүндө отчет менен таанышкандан кийин ушул нускоонун 4-тиркемесине ылайык анын кол тамга коюлган барагына (барактарына) кол коюу зарыл, ошол эле учурда отчетто камтылган тыянактар жана корутундулар менен макул эместик анын ар бир барагына кол коюудан баш тартууга негиз болуп саналбайт.

53. Көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңеши/ уюштуруучулары/ катышуучулары инспектордук текшерүү жөнүндө отчет менен таанышып чыгып, макулдашуу баракчасына кол тамга коюуга тийиш. Коштомо кат тиркелген отчетту алган учурдан кийинки он жумуш күнү ичинде аны менен таанышып чыгуу зарыл. Бул мөөнөт

өткөндөн кийин көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн/уюштуруучуларынын/катышуучуларынын кол тамгасы коюлган таанышуу баракчасы Улуттук банкка кайтарылып берилет.

54. Көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңешинин тигил же бул мүчөсү/уюштуруучусу/катышуучусу жок болсо жана/же отчет менен таанышып чыгуу үчүн белгиленген мөөнөт ичинде ал менен байланышуу мүмкүн эмес болсо, отчетту алган күндөн кийинки беш жумуш күнү ичинде көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңешинин тигил же бул мүчөсү/уюштуруучусу/катышуучусу тарабынан кол тамга коюлбагандыгы себебин Улуттук банкка маалымдоосу зарыл. Мында көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңешинин тигил же бул мүчөсүнүн/уюштуруучусунун/катышуучусунун кол тамгасы коюлбаган таанышып чыгуу баракчасы белгиленген мөөнөттө Улуттук банкка кайтарылышы мүмкүн.

55. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчет боюнча даттануу менен кайрылууга жол берилбейт.

56. Көзөмөлгө алынган уюм таасир этүү чаралары боюнча даттануу менен Кыргыз Республикасынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык кайрылышы мүмкүн.

1-тиркеме

___________________________________________________
*(төлөм системасынын операторунун /төлөм уюмунун толук аталышы)*
_________________________________________ **ишин текшерүүгө**

**ЖОЛДОМО**

Ушул аркылуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төмөнкү кызматкерлери:

1. ______________________________________________________
*(аты-жөнү жана кызматы)*
2. ______________________________________________________
*(аты-жөнү жана кызматы)*
3. ______________________________________________________
*(аты-жөнү жана кызматы)*
4. ______________________________________________________
*(аты-жөнү жана кызматы)*
5. ______________________________________________________
*(аты-жөнү жана кызматы)*

20__-жылдын «___» _______________ тартып ________ жумуш күн мөөнөтүнө ___________ _____________________________ ишин текшерүүгө жөнөтүлдү. Текшерүү мезгил аралыгында күтүүсүз жагдайлар орун алган шартта текшерүү мөөнөтү узартылышы мүмкүн.

Текшерүү программасында төмөнкү багыттарды жана маселелерди текшерүү каралган:

______________________________________________________
______________________________________________________

Төраганын орун басары/
Башкарманын мүчөсү аты-жөнү

2-тиркеме

Көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчисине _______________

**БИЛДИРҮҮ**

Урматтуу ____________________

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 20___ -жылдын «___»________ тартып ___________________ (филиалдарын кошо алганда) төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишине пландык текшерүү жүргүзүлө тургандыгын Сизге маалымдайт.

Текшерүү ишин натыйжалуу жүргүзүү, ошондой эле текшерүү убактысын үнөмдөө максатында, тиешелүү кызматкерлерге ушул катка кошо тиркелген тиркемеге ылайык документтерди жана маалыматтарды даярдап коюу көрсөтмөсүн берүүңүздү Сизден өтүнөм. Мында, жумушчу топ мүчөлөрү уюмга келген күнү уюмдун ишине тиешелүү документтерди жана маалыматтарды сунуштоону өтүнөм. Бардык документтер жана маалыматтар 20__ -жылдын «___» ________ карата абал боюнча даярдалып, текшерүүнүн жетекчисине сунушталууга тийиш.

Эгерде көрсөтүлгөн документтерди даярдоонун жүрүшүндө уюмдун кызматкерлеринде кандайдыр бир суроолор пайда болсо, ошондой эле талап кылынган документтерди жана маалыматтарды даярдоо мүмкүнчүлүгү жок болсо, жогоруда көрсөтүлгөн инспектордук текшерүү күнү башталганга чейин алдын ала _____________ *(аты-жөнү, кызматы, телефон номери)* менен байланышуу зарыл.

Инспектордук текшерүүдө ______ текшерүүчү катыша тургандыгы пландаштырылууда, ушуга байланыштуу ______ адамга техникалык каражаттар менен жабдылган (телефон байланышы, документтерди сактоо үчүн сейф, мүмкүнчүлүк болсо компьютер жана принтер) жумуш ордун даярдап коюу зарыл.

Жумушчу топтун мүчөлөрүнө текшерүүгө байланыштуу бардык маселелер боюнча көмөк көрсөтүүнү, кызмат адамдарга жана кызматкерлерге суроо берүү, ошондой эле текшерүүнү жүргүзүү үчүн зарыл маалымат булактардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылууну Сизден өтүнөм.

Тиркеме: Көзөмөлгө алынган уюм тарабынан текшерүүгө сунушталуучу документтердин жана маалыматтардын тизмеги ___ беттен турат.

Ишиңизге ийгилик каалап,

Төраганын орун басары/

Башкарманын мүчөсү Аты-жөнү

Көзөмөлгө алынган уюм тарабынан текшерүүгө
сунушталуучу документтердин жана маалыматтардын

**ТИЗМЕГИ**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөртүлгөн, өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген уюштуруу келишими, устав.

2. Уюмдун ишин жөнгө салган жана анын саясатын аныктаган документтердин топтому.

3. Уюмдун текшерүүгө алынган мезгил ичинде уюштуруу түзүмү, анын штаттык тизими.

4. Кызматтык милдеттерин көрсөтүү менен филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн жетекчилеринин/начальниктеринин тизмеги (кагаз жүзүндө/электрондук түрдө).

5. Агенттердин тизмеги.

6. Уюмдун бухгалтердик балансы.

7. Коммерциялык банктар, кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар, агенттер менен түзүлгөн келишимдер.

8. Төлөм терминалдары аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын тизмеги.

9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана башка мамлекеттик бийлик органдары менен кат алышуулар.

10. Башка документтер (зарылчылык келип чыккан учурда).

3-тиркеме

Текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүү
**АКТЫСЫ**

_______________________________________

*(төлөм системасынын операторунун
жана төлөм уюмунун аталышы)*

_______________________________________________________

*(жайгашкан орду, дареги, телефону)*

20___-жылдын «___» __________ _____________________

*(түзүлгөн жер)*

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери тарабынан _________________________________________________

*(Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аты-жөнү)*

төмөнкүлөр боюнча ушул акт түзүлгөн:

______________________________________________кызматкери

*(төлөм системасынын операторунун
жана төлөм уюмунун аталышы)*

_______________________________________________________

*(төлөм системасынын операторунун жана төлөм
уюмунун кызматкеринин аты-жөнү)*

уюмдун ишине текшерүүнү жүргүзүүдө төмөнкүдөй каршылык көрсөткөн: ________________________________________________

*(имаратка же жайга кирүүдө каршылык көрсөтүлгөн,
жумушчу топтун мүчөлөрүнөн талап кылынган
документтер сунушталган эмес, ж.б.)*

Улуттук банктын кызматкерлерине текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу

______________________________________________________

*(төлөм системасынын операторунун
жана төлөм уюмунун аталышы)*

кызматкерине төлөм уюмунун ишине текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөткөндүгү үчүн жоопкерчилик тартуу тууралуу эскертүү берилди.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Акт түзгөн адам: | ______________________<br>*(Улуттук банктын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аты-жөнү)* | ________<br>*(кызмат орду)* | ________<br>*(кол тамгасы)* |
| Таанышып чыктым: | ______________________<br>*(Көзөмөлгө алынган уюмдун кызматкеринин аты-жөнү)* | ________<br>*(кызмат орду)* | ________<br>*(кол тамгасы)* |
| Акттын экинчи нускасын алдым: | ______________________<br>*(Көзөмөлгө алынган уюмдун кызматкеринин аты-жөнү)* | ________<br>*(кызмат орду)* | ________<br>*(кол тамгасы)* |

4-тиркеме

## АТКАРУУ ОРГАНЫНЫН КОЛ ТАМГАЛАРЫ

Биз, төмөндө кол койгон коллегиалдуу аткаруу органынын мүчөлөрү, көзөмөлгө алынган уюмдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрү (эгерде болгон болсо), ошондой эле уюштуруучулары/катышуучулары/акционерлери

_______________________________________________

*(төлөм системасынын операторунун, төлөм уюмунун аталышы)*

ишине жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчет менен таанышып чыктык.

20___-жылдын «___»_________

*(текшерүү жүргүзүлгөн күн)*

| Кызмат орду | Кол тамгасы |
|---|---|
| ______________________ | ___________ |
| ______________________ | ___________ |
| ______________________ | ___________ |

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ<br>РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН | ПРАВЛЕНИЕ<br>НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА<br>КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 14-декабрындагы № 48/11**

### Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2004-жылдын 21-июлундагы №18/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредиттик мекемелер милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык нормативдер жана талаптар жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу;

− 2013-жылдын 14-июнундагы №19/2 «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2004-жылдын 21-июлундагы №18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» Нускоонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө;

− 2004-жылдын 29-декабрындагы №36/13 «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктардын ачык валюта позицияларынын лимиттерин сактоонун тартиби жөнүндө» Нускоону бекитүү тууралуу.

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргыз банктар бирлиги» юридикалык жактар бирикмесин, микрофинансылык уюмдарды, Микрофинансылык уюмдар ассоциациясын, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Иштеп жаткан коммерциялык банктар жана микрофинансылык уюмдар ушул токтом күчүнө киргенден тартып бир ай ичинде товардык белгини пайдалануу келишимин «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун 4-1-пунктунун талаптарына ылайык келтирсин.

6. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 14-декабрындагы № 48/11**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредиттик мекемелер милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык нормативдер жана талаптар жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредиттик мекемелер милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык нормативдер жана талаптар жөнүндөгү жобонун:

− 4.2-пунктунун 1-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- банктын кассасындагы жана банкоматтарындагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттары;»;

− 4.9-пунктунун 1-пунктчасынын:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«а) банктын кассасындагы жана банкоматтарындагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттары;»;

пунктча төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«и) аффилирленген банктарды, ушул пунктун 1-пунктчасынын «в» пунктчасында көрсөтүлгөн банктарды, ошондой эле тике банктык көзөмөл, убактылуу администрация же консервация чарасы киргизилген же болбосо жоюу жол-жобосун башынан кечирип жаткан банктарды эске албаганда, башка банктардын корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын 20 %;

к) чет өлкө банкынын филиалы үчүн – ошол чет өлкө банкынын Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө

мамлекеттердин аймагында жайгашкан жана ошол мамлекеттердин валютасында ачылган башка филиалдарындагы корреспонденттик эсептердеги каражаттар. Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин тизмеги www.oecd.org расмий сайтында жайгаштырылган.»;

− 4.13-пунктунун 1-пунктчасынын:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- банктын кассасындагы жана банкоматтарындагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттары;»;

пунктча төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толуктталсын:

«- аффилирленген банктарды, ушул пунктун 1-пунктчасынын төртүнчү абзацында көрсөтүлгөн банктарды, ошондой эле тике банктык көзөмөл, убактылуу администрация же консервация чарасы киргизилген же болбосо жоюу жол-жобосун башынан кечирип жаткан банктарды эске албаганда, башка банктардын корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын 20 %;

− чет өлкө банкынын филиалы үчүн – ошол чет өлкө банкынын Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин аймагында жайгашкан жана ошол мамлекеттердин валютасында ачылган башка филиалдарындагы корреспонденттик эсептердеги каражаттар.»;

− 11.1-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«11.1. Банктын Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн жана борбордук банктарынын баалуу кагаздарына инвестицияларынын жалпы өлчөмү банктын таза суммардык капиталынын 100 % ашпоого тийиш.».

2. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 14-июнундагы № 19/2 «Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктык жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына карата минималдуу талаптар жөнүндө жобо:

− төмөнкү мазмундагы 4-1-пункт менен толукталсын:

«4-1. ФКМге эгерде, көрсөтүлгөн жак ошол келишим боюнча толугу менен же анын кайсыл бир бөлүгүнө ылайык пайдага ээ болуучу болуп саналса, аффилирленген жак, инсайдер же алар менен байланыштуу жак ошондой эле, товардык белгинин ээси болгон кайсы болбосун башка жак менен товардык белгини акы төлөө негизинде пайдаланууга келишим түзүүсүнө тыюу салынат.».

3. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттуулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча» Нускоонун жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын адекваттуулугунун (шайкештигинин) стандартын аныктоо боюнча нускоонун:

1-эскертүүсү төмөнкү редакцияда берилсин:

«(1) ОЭСР – Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюму. Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин тизмеги www.oecd.org дареги боюнча расмий сайтта жайгаштырылган.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 29-декабрындагы № 36/13 «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктардын ачык валюта позицияларынын лимиттерин сактоонун тартиби жөнүндө» Нускоону бекитүү тууралуу токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктардын ачык валюта позицияларынын лимиттерин сактоонун тартиби жөнүндө нускоонун:

− 3.1-пунктунун 3.1.1- пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.1.1. Операциялык күндүн акырына карата абал боюнча ар бир чет өлкө валютасы боюнча ачык узун/кыска валюта позицияларынын өлчөмү төмөнкүлөрдөн ашпоого тийиш:

а) Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин валюталары жана/же ЭВФ менен «Келишимдер статьясынын» 8-статьясына кол койгон өлкөлөрдүн валюталары үчүн банктын таза суммардык капиталынан 15%. Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү уюмуна мүчө мамлекеттердин тизмеги www.oecd.org дареги боюнча расмий сайтта ал эми ЭВФ менен «Келишимдер статьясынын» 8-статьясына кол койгон өлкөлөрдүн тизмеги www.imf.org дареги боюнча расмий сайтта жайгаштырылган;

б) ЭВФ менен «Келишимдер статьясынын» 8-статьясына кол койбогон өлкөлөрдүн валюталары үчүн банктын таза суммардык капиталынан 0% (жабык позиция).».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/6**

### Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76\8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Төлөм системалары башкармалыгы тарабынан сунушталган маалыматты карап көрүп, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

− 4-пунктундагы «2017-жылдын 1-январынан» деген сөздөр «2019-жылдын 1-январынан» дегенге алмаштырылсын.

2. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү ушул токтом менен тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдү, областтык башкармалыктарды жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү тааныштырсын.

5. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен республиканын коммерциялык банктарын, «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКты жана эл аралык төлөм системаларын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Дж.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/7**

### Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө»Мыйзамдын 7 жана 43-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2009-жылдын 26-августундагы № 35/3 «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынганкоммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө»;

− 2006-жылдын 2-мартындагы № 5/7 «Банктардын ишмердүүлүгүн лицензиялоо жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу».

2. Токтом расмий жарялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде

чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен финансы-кредит мекемелерди, «Кыргыз банктар бирлиги» ЮЖБ, Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/7**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 26-августундагы № 35/3 «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобонун:

− 1.2-пунктунун 1.2.4-пунктчасы күчүн жоготкон катары таанылсын;

− 1.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1.3. Ушул жобонун талаптары анын 1.2-пунктунун 1.2.1-пунктчасында көрсөтүлгөн аффинаждалган баалуу металлдардан жасалган стандарттык жана өлчөнгөн куймаларга гана таркатылат. Коммерциялык банктарга асыл таштар жана баалуу металлдардын башка формалары менен операцияларды жүргүзүүгө уруксат берилбейт.»;

− 2.1-пункттун:

− биринчи абзацында «атайы» деген сөз «кошумча» деген сөзгө алмаштырылсын;

− бешинчи абзацы алынып салынсын.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал

тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин:

− 4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«4. Бул документте колдонулган негизги түшүнүктөр Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги № 217 токтому менен бекитилген, Балоонун негизги түшүнүктөрүнүн жана принциптеринин стандартында аныкталган.

Мында, ушул Тартиптин алкагында:

Күрөө – бул, менчикке укуктун же мүлккө башка буюм укугунун күрөөсү астында, акчалай же акча формасында туюндурулган милдеттенменин аткарылышын камсыздоо ыкмасы.

Адилет нарк – эсептелинген акчалай сумма, ал аркылуу сатып алууга даяр сатып алуучу менен сатууга даяр сатуучунун ортосунда, тиешелүү маркетингден кийин коммерциялык бүтүмдүн негизинде мүлктү алмашуу ишке ашырылат. Бүтүмгө келишүү учурунда ар бир тарап компетенттүү, эсептөөлөрдүн негизинде жана эч кандай мажбурлоосуз иш алып барат.

Жоюу наркы – бул талаптагыдай маркетинг жана жарнамалоосуз эле, кыска мөөнөт ичинде активди сатып өткөрүүдөн реалдуу алынышы мүмкүн болгон активдин наркы.

Баалуу металлдар – ар кандай түрдөгү жана абалдагы: сырьедогу, эритмелердеги, жарым фабрикаттардагы, өнөр жай продуктуларындагы, химиялык кошулмалардагы, буюмдардагы, металл сыныктарындагы жана алардын калдыктарындагы алтын, күмүш, платина жана платина тобундагы металлдар (палладий , иридий, радий, рутений, осмий).»;

− 14-пункттун:

биринчи абзацында «жүгүртүүдөгү товарлар» деген сөздөр «жана баалуу металлдар» деген создөр менен толукталсын;

б)-пунктчасындагы «жүгүртүүдөгү товарлар» деген сөздөр «жана баалуу металлдар» деген сөздөр менен толукталсын.

− 15-пункттагы «жүгүртүүдөгү товарлар» деген сөздөр «жана баалуу металлдар» деген сөздөр менен толукталсын;

− 17-пункттун 4-абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- кыймылдуу мүлктү баалоонун стандарты;»;

− 19-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«19. Өзүнчө банктык эсептерде жайгаштырылган акча каражаты (улуттук жана чет өлкө валютасында) жана баалуу металлдар түрүндөгү кыймылдуу мүлккө баа берүү номиналдык наркы боюнча ишке ашырылат.

Баалуу металлдар түрүндө камсыздоонун наркына баа берүүдө анын көркөм баалуулугу, анда асыл жана башка баалуу таштар камтылгандыгы эске алынбайт, накта баалуу металлдын өзү гана эсепке алынат.».

3. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы № 5/7 «Банктардын ишмердүүлүгүн лицензиялоо жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктардын ишмердүүлүгүн лицензиялоо жөнүндө» Жобонун:

− 12-тиркемесинин 1-пунктунун 1.4-пунктчасы күчүн жоготкон катары таанылсын.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/8**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине, «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамдын 39 жана 39-1-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:

− 2013-жылдын 23-октябрындагы № 39/9 «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2011-жылдын 26-октябрындагы № 60/8 «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2006-жылдын 30-октябрындагы № 32/2 «Кыргыз Республикасында каржылоонун ислам принциптерин алгачкы долбоордун алкагында жүзөгө ашыруу жөнүндө» жобо тууралуу»;

− 2009-жылдын 30-сентябрындагы № 39/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге талаптар жөнүндө» жобо тууралуу»;

− 2009-жылдын 23-сентябрындагы № 38/8 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу».

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен иштеп жаткан коммерциялык банктарды, микрофинансылык уюмдарды жана кредиттик союздарды, алардын бирикмелерин (ассоциацияларын), «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКсын, «Ислам каржы ассоциациясы» ЮЖБсин, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т.Дж.Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2016-жылдын 21-декабрындагы № 49/8**
**токтомуна карата тиркеме**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-октябрындагы № 39/9 «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

- 18-пунктунун үчүнчү абзацындагы «/аракеттенбей коюусунан» деген сөздөр алынып салынсын;
- 33-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«33. Мурабаха келишиминде келишим предмети үчүн төлөө кыска жана узак мөөнөттүү негизде үзгүлтүксүз төлөө аркылуу жүргүзүлө тургандыгы каралышы мүмкүн. Эгерде кардар, кийин төлөп берүү шартында сатылган күрөө предмети үчүн кезектеги төлөмдү белгиленген мөөнөт ичинде төлөй албай калса, анда ал тараптар ортосунда макулдашылган өлчөмдө айыптык төлөмдү төлөөгө тийиш. Мында бүтүндөй келишимди колдонуу мезгили ичинде чегерилген кошумча төлөм өлчөмү каржылоо суммасынын 20 пайызынан ашпоосу зарыл. Айыптык төлөм түрүндө алынган акча каражаттары кайрымдуулук максаттарына багытталат. Айыптык төлөм түрүндө алынган акча каражаттардын максаттуу пайдаланылышына контролдукту ФКМдин Шариат кеңеши камсыздоого тийиш.»;

- 55-пункттун экинчи сүйлөмү алынып салынсын;
- 1-тиркеменин:

3.6 жана 6.3-пункттарындагы «/аракетсиздигинин» деген сөздөр алынып салынсын;

7.2-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«7.2. Мударибдин күнөөсү боюнча же анын укукка жатпаган аракеттеринин кесепетинен келишим шарттарын бузууга жол берилгендиги үчүн Шариат стандарттарына ылайык айыптык төлөм өндүрүлгөн шартта, келишимдин бүтүндөй мөөнөтү ичинде чегерилген мындай төлөм өлчөмү каржылоо суммасынын 20 пайызынан ашпоого тийиш. Айыптык төлөм түрүндө алынган акча каражаттары кайрымдуулук максаттарына багытталат. Мындай акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын ФКМдин Шариат кеңеши контролдукка алат.»;

− 2-тиркеменин 11-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«11. Кардар бөлүп төлөө шартында сатылган товар үчүн кезектеги төлөмдү графикте белгиленген мөөнөттө төлөбөгөн шартта, ал каржылоо суммасынан ______% өлчөмдө айыптык төлөм төлөйт. Мында келишимдин бүтүндөй мөөнөтү ичинде чегерилген мындай төлөм өлчөмү каржылоо суммасынын 20 пайызынан ашпоого тийиш. Айыптык төлөм түрүндө алынган акча каражаттары кайрымдуулук максаттарына багытталат. Мындай акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын ФКМдин Шариат кеңеши контролдукка алат.»;

− 4-тиркеменин 1.4-пунктундагы «товарды берүү күнүнө чейин төлөмдөр графигине ылайык» деген сөздөр алынып салынсын.

2. Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 26-октябрындагы № 60/8 «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу операциялар жөнүндө» жобонун:

− 11-пункттун экинчи абзацындагы «/аракеттенбей коюусунан» деген сөздөр алынып салынсын;

− 18-пункттун алтынчы абзацындагы «аракеттенүүсү/ аракеттенбей коюусунан» деген сөздөр «аракеттеринин кесепетинен» дегенге алмаштырылсын;

− 65-пунктундагы «кардардын билдирмеси боюнча» деген сөздөр «же кардар кайрылган учурда ФКМдин менчигинде турган» деген сөздөр менен толукталсын;

− 67-пункттагы «белгилүү бир берүүчүдөн мүлктү сатып алуу жөнүндөгү» деген сөздөр алынып салынсын;

− 153-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«153. ФКМ салам бүтүмдөрүндө буйрутмачы-кардар тарабынан аныкталган товарды кийинчерээк кардарга ФКМдин үстөк баасын камтыган баада сатуу ниетинде сатып алат.»;

− 154-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 30-октябрындагы № 32/2 «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин алгачкы долбоордун алкагында ишке ашыруу жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй толуктоо жана өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында ислам каржылоонун принциптерин алгачкы долбоордун алкагында ишке ашыруу жөнүндө» жобонун:

− 2.7-главасынын:

7-пункту төмөнкүдөй жаңы редакцияда берилсин:

«7. Кардар негизги карыз суммасынын ордун банкка толуктап берген шартта гана банк, кардардын финансылык милдеттенмелери боюнча негизги карыз суммасы чегинде гарантияны сунуштайт.»;

21-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«21. Гарантиялык катты сунуштоо үчүн комиссиялык төлөм кармалбайт. Банк, мындай чыгашалар кызмат көрсөтүүлөр үчүн адатта кармалуучу комиссиялык төлөмдөн ашпаган шартта, гарантиялык кат үчүн административдик чыгашанын төлөнүшүн өтүнүч ээсинен талап кылууга укуктуу. Банктын ички документтеринде административдик чыгашалар түзүмү чечмеленип берилүүгө тийиш.».

4. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 30-сентябрындагы № 39/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомго төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө» жобонун:

− 1.5.2-пунктунун үчүнчү абзацындагы «/аракетсиздигинин» деген сөз алынып салынсын;

− 1-тиркемесинин:

